Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна караштуу Д.07.23.671 диссертациялык кеңештин эксперти, тарых илимдеринин доктору Н. Ж. Эсенкуловдун 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча жазылган Арзыматова Анаркуль Жумадиловнанын “Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушунун өнүгүшү (1991 – 2005)” деген темадагы тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациянын кол жазмасы боюнча

**Корутунду.**

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Арзыматова Анаркуль Жумадиловнанын “Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушунун өнүгүшү (1991 – 2005)” деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясы Д 07.23.671 диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистигигинин паспортуна, адистиктин паспортунун пункттарын көрсөтүү менен толук жооп берүүчү Кыргыз Республикасынын эгемендик мезгилиндеги 1991-2005-жылдар аралыгындагы коомдук-саясий турмушунун өнүгүшүнө тарыхый анализ берүү максатында жүргүзүлгөн изилдөө иши.

2. **Диссертациялык иштин максаты жана милдеттери**

***Изилдөө ишинин максаты*** – 1991 – 2005 жылдар аралыгындагы Кыргыз Республикасынын коомду – саясий турмушунун өнүгүү динамикасына тарыхый талдоо жүргүзүү. Коюлган максат диссертацияда төмөндөгү **милдеттерди** аткаруу менен чечилген:

- Изденүүчү изилденип жаткан маселенин деңгээлин аныктоо менен булактык базасына мүнөздөмө берген.

- Кыргызстандын 1991-жылдагы көз карандысыздыкка ээ болуудагы коомдук-саясий кырдаалга талдоо жасаган.
- Кыргызстандын эгемен мамлекет катары калыптануусунун, бийлик бутактарынын түзүлүшүн туура аныктаган.
- Коомдук турмушту демократизациялоо процесстерин, көп партиялуулук принциптеринин калыптанышын туура изилдеген.
- Кыргызстандагы 2005 – жылдагы март окуясыныны келип чыгуу себептерин иликтөө менен объективдүү баа берген.
- Изилдөөнүн жыйынтыктарынын негизинде практикалык сунуштарды берилген.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугунун негизделиши**

**Эгемен Кыргызстандын тарыхында 1991 – 2005 жж. олуттуу мезгил болгон.** Кыргызстан 1991-ж. 31-августта көз карандысыздыгын жарыялап, өлкөнүн өнүгүү тарыхындагы жаңы доорго кадам таштаган. Кыргыз Республикасынын 1991 – 2005-жылдар аралыгындагы коомдук саясий турмушунун өнүгүүсүн жана демократиялык коомдун калыптануусун, жарандардын саясий социалдашуусуна тийгизген таасирин аныктоо, саясий тутумду, саясий жашоонун өнүгүшүндөгү мыйзам ченемдерди изилдөө теманын актуалдуулугун негиздейт.

Диссертант негизги адабияттарды талдоого алуу менен маселенин актуалдуулугун негиздей алган.

**Изилдөөнүн илимий жыйынтыктары**

1 - жыйынтык: Эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин Кыргызстанда мыйзам чыгаруу, аткаруу, сот бийликтери калыптанды. Изденүүчү Кыргызстан бийлик бутактарын калыптандырууда европалык моделин тандап алган, же башкача айтканда өнүгүүнүн демократиялык жолуна түштү деген туура бүтүмгө келген.

**2** – жыйынтык: Эгемендүү Кыргызстан башка Борбордук Азиядагы өлкөлөрдөн айрымаланып өлкөдө демократиялык түзүлүш, көп партиялуулук,

граждандык коом калыптанып натыйжада авторитардык режим үч жолу алмашуусуна алып келди деген жыйынтыктарды чыгарган.

3 – жыйынтык: Президенттик бийликти күчтөндүрүү аракети бийлик бутактарындагы тең салмактуулуктун бузулушуна алып келди деген.

4 – жыйынтык: 1991-2005-жылдардагы коомдук-саясий турмуштун өнүгүүсүндө, бийлик бутактарынын ортосундагы тең салмактуулуктун жоктугу саясий тутумдагы кризиске алып келди деген жыйынтыктарды чыгарган.

**Сунушталган диссертациялык иштин илимий жаңылыгынын негизги жоболоруна төмөнкүлөр кирет:**

- Эгемен Кыргыз мамлекети түзүлүп, кыргыз коомунда жаңы саясий система калыптанды.
- Өлкөдө саясий, экономикалык реформаларды жүргүзүүдө чет өлкөлүк өзгөчө Батыш өлкөлөрдүн тажрыйбасы эске алынды. Кыргызстан эгемедиктин алгачкы жылдарында “демократия аралчасы” деген статуска ээ болду.
- Дин эркиндиги, сөз эркиндиги орноду. Кыргызстандын тарыхындагы 1991 – 2005 – жылдар өлкөнүн демократиялык өнүгүсүндө фундамент түптөгөн жылдар болду.
- Башкаруу формасы өзгөрдү. Коомдук кыймылдар жана партиялар түзүлдү.
- Ошол эле мезгилде планга негизделген экономика мамлекеттик менчиктен жеке менчикке, рынок экономикасына өткөрүү өзүнүн натыйжасын берип, өлкөдө экономикалык стабилдүүлүк пайда болуп, бирок бул процесстеги кетирилген кемчиликтер көп учурда күтүлгөн натыйжа берген жок.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

Изилденүүнүн жыйынтыктарынын негизиде төмөндөгүдөй практикалык сунуштар берилген:

- Коомдук саясий турмуштун өнүгүүсү саясий бийликтин иштөө механизмине жана жүргүзүп жаткан саясатына байланыштуу.

Демократиялык режимди орнотууда мамлекетте саясий жана экономикалык кырдаалды көзөмөлдөөнүн инструменттерине ээ болгон туруктуу саясий бийлик болуш керек.

- Саясий маселелерди чечүү үчүн саясий күчтөрдүн ортосунда диалог болуш кереке. 1991 – 2005 жж. Кыргыз Республиксынын коомдук саясий өнүгүсүнө таасир эткен чыр-чатактар жана тирешүүлөр саясатчылардын ортосундагы байланыштын жана ишенимдин жоктугунан келип чыккан.
- Коомдук – саясий турмуштун өнүгүшүнө жарандардын саясий активдүүлүгү таасир этет. . Жарандар шайлоого катышуу аркылуу саясий тутумдун институттарын түзүп берет. Ошондуктан, мамлекеттин ичиндеги кайра куруулар биринчи кезекте калктын аң – сезиминде ишке ашырылууга тийиш. Анткени саясий билимдүү жарандар саясий кырдаалды туура талдап, туура чечимдерди кабыл алуу менен саясий системанын иштешине таасир эте алат.
- Диссертациянын негизги жыйынтыктары жана жоболору мамлекеттик бийлик органдары коомдун муктаждыктарын эске алуу менен, практикалык ишмердүүлүгүндө колдонууга болот. Диссертациянын мазмуну курстук жана дипломдук иштерди даярдоодо, гуманитардык багыттагы адистиктер үчүн окуу курстарын окууда колдонушу мүмкүн.

3. **Эскертүүлөр:**

1) Диссертациянын структурасын жана тарыхнаама бөлүмүн ккайрадан иштеп чыгуу зарыл.
2) Илимий иштин булактык базасына мүнөздөмө берүү менен саясий паритялардын уставдарын булактык база катары киргизүү керек.
3) Изилдөөнүн негизги бөлүмүндө өлкөнү кризиске алып келген себептерди аныктоо керек.
4) Практикалык сунуштарды иштеп чыгуу керек.
5) Корутунду илимий иштин коргоо алып чыгылган жоболорго дал келтирүү керек.

6) Диссертацияда айрым редакциялык – стилистикалык жана техникалык кемчилдиктер, мүчүлүштүктөр кездешет, аларды жойуп, УАК талаптарына ылайык келтириш керек.

4. **Сунуштар**:

1) Саясий системанын түзүлүшүнө чейин мамлекетти калыптандыруу керек.
2) Изилдөөнүн тарых наамасы Ата – Мекендик жана Чет өлкөлүк болуп бөлүнсө туура болмок.
3) Диссертациялык иштин структурасы анын максатына жана милдеттерине ылайык түзүлүү керек.

5. **Сунуштамалар:**

***Жетектөөчү мекеме*** катары И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университеттин Гуманитардык жана коомдук илимдер кафедрасы сунушталат.

Биринчи расмий оппонент катары – тарых илимдеринин доктору Эсенкулов Н. Ж сунушталат. Экинчи расмий оппонент катары – И. Арабаева атындагы КМУнун жалпы тарых кафедрасынын башчысы, тарых илимдеринин кандидаты Омурова Ж. К сунушталат.

6. **Диссертациянын мазмунуна авторефераттын шайкештиги**.

Автореферат толугу менен диссертацияда коюлган максат менен милдеттерди ачууга дал келет. Орус жана англис тилиндеги резюмелери бар.

7. **Корутунду**

Арзыматова Анаркуль Жумадиловнанын “Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушунун өнүгүшү (1991 – 2005)” деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациялык ишинин кол жазмасы КР окумуштуу даражасын берүү боюнча Жобосунун талаптарына жооп берет. Диссертациялык иш илимий-теориялык талаптарга ылайык, тийиштүү адабияттардын жана булактардын негизинде өз алдынча жүргүзүлгөн диссертациялык изилдөө болуп саналат.

8. **Диссертациялык кеңештин эксперти** берилген документтерди карап чыгып, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д. 07.23.671 диссертациялык кеңешинде Арзыматова Анаркуль Жумадиловнанын "Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушунун өнүгүшү (1991 – 2005)" деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертацияны коргоого сунуштайм.

**Эксперт:** **Эсенкулов Н. Ж.**
**тарых илимдеринин доктору**

**Эксперттин колун тастыктайм:** **Карыева А. К.**
**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, тарых илимдеринин доктору**

15.01.2024-ж.